КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

ТАЛАС ОБЛАСТТЫК ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ

КАРА-БУУРА РАЙОНДУК
ИШКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ

722700, Кызыл-Адыр айылы,
Межквартальный көчөсү 1
Тел.: 03456 2-65-76
Факс.: 03456 5-52-95

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КАРА-БУУРИНСКОГО РАЙОНА

722700, с.Кызыл-Адыр
ул. Межквартальная 1
Тел.: 03456 2-65-76
Факс.: 03456 2-5-52-95

1.12.21. № 25-4/6486

**К Р Б Ш Кна**

# М А А Л Ы М А Т

2021-жылдын 27-ноябрь күнү КРнын БШКнан маалымат келип түшкөн,анда төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн №20 Манас шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине талапкер М.Назарбековдун үгүт иштерин жүргүзүүдө муниципалдык кызматчы Шопоков шаардык кеңештин вице-спикери К[redacted] Жээнчороев катышкандыгын билдирген.

Аталган билдирүү 27.11.2021-жылы саат 23:32 де Кара-Буура РИИБнүн окуялар жөнүндө маалыматтарды электрондук эсепке алуу журналына № 02-007-2021-001108 саны менен катталган.

Аталган факты боюнча Шопоков шаарынын [redacted] районунун [redacted] көчөсүнүн № [redacted]-үйүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган Жеенчоров К[redacted] өзүнүн берген түшүнүгүндө, Шопоков шаарынын бүгүнкү күндөгү Шаардык Кеңешинин депутаты, төрөга орун басары болуп жүргөндүгүм анык, бирок менин депутаттык милдетим, коомдук башталышта, бюджеттен каржылабайт. ЖК КРнын депутаттыгына талапкер М[redacted] Назарбековдун шайлоо ишине эч кандай официалдуу өкүлү болуп иштебейм. Мен өз граждандык парзымды аткарып, өз демилгем менен эч кандай милдеттенме жок үгүт иштерге өз каалом менен жардам берип жатам деп көрсөткөн.

Ал эми Жеенчоров К[redacted] кыймыл аракетинде жана кыймылсыздыгында кылмыш же жорук ишин жасагандыгы аныкталбайт. Себеби Кыргыз Республикасынын Президенттин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 22-беренесинин 15-бөл. Жогорку Кеңештин депутаттарын кошпогондо, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, мамлекеттик саясий кызмат орундарын, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, **жергиликтүү кеңештердин**

**депутаттарын кошпогондо**, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, байкоочулар, эл аралык байкоочулар, диний ишмерлер, кайрымдуулук иштери менен алектенишкен уюмдардын уюштуруучулары жана мүчөлөрү, 18 жашка толо элек адамдар, чет элдик жарандар жана уюмдар, жарандыгы жок адамдар, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлери үгүт жүргүзүүгө, кандай болбосун үгүт материалдарын чыгарууга жана таркатууга укуксуз деп көрсөтүлгөн.

Ошондой эле жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 5-беренесинде. Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусунун кээ бир кызматтар жана иш түрлөрү менен шайкешсиздиги, ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаты мамлекеттик кызматта же муниципалдык кызматта боло албайт, себеби депутаттык ыйгарым укуктарды ошондой эле тиешелүү айылдык аймактын же шаардын калкына республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштырууга болбойт турганды көрсөтүлгөн.

Андан тышкары Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 2-беренесинде **муниципалдык кызмат** - жарандардын кесипкөй жана **акы төлөнүүчү негизде жүзөгө ашырылуучу**, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарындагы иштери экендиги айтылган.

К.Жеенчоров ээлеген кызмат орду боюнча айлык акы маянасын албагандыктан, өзүнүн ишин коомдук башталыштарда жүзөгө ашырары көрсөтүлгөнү тастыкталган.

Ал эми аталган фактыда кылмыштын же жоруктун жана башка укук бузуунун белгилери аныкталбагандыктан 02-007-2021-001108 сандуу материал 28.11.2021-жылы номенклатуралык ишке чыгышталып № 25-6/6486 чыгыш саны менен №20 Манас ОШКна маалымат жиберилген.

Жогоруда болгон окуяда кылмыштын, жоруктун курамы жок болгондуктан, чогултулган материал номенклатуралык делого чыгышталган.

**Начальник**
**милициянын полковниги** **Калманбетов М.Б.**